*Жумакан Калилова*

# БУРГАНАК СЕЗИМ

Жумакан Калилова



# БУРГАНАК СЕЗИМ

Кыргызстан – 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 17

Калилова Ж.
К 17 «Бурганак сезим» – Б.: 2019. 72 б.

**ISBN 978-9967-480-21-6**

Автор бул китебинде адамдын сезиминин түпкүрүнө катылып, бирөөгө эмес, өзүнө айтууга даай албай турган сырларды суурун чыгууга аракет кылган.

К 4702300100-19 УДК 821.51

ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-480-21-6

© Жумакан Калилова, 2019



## БУЛУТТАР

Тоолордон булуттар сабалап,
Ар түркүн фигура жаратат.
Карачы! Тээтиги булутту,
Ат болуп, алыстап баратат.

Артында куучу киши бар,
Ээрчиткен кичине ити бар.
А мүмкүн, булуттар ичинде,
Перилер жашаган үйү бар.

Ар түркүн сырларды көрүшкөн,
Тоолорду кучактап өбүшкөн.
Шамалга айдалган булуттар,
Чарчабайт өйдө-ылдый жүрүштөн.

# ЖИЙДЕЛҮҮ БАК

Учурашып калып капыс,
Каректерим кадалып.
Көз карашың арбап турду,
Сыйкырландым, жан тартып.

Жүрөккө бүлүк салып,
Көңүлгө чок таштадың.
Болот деп уккан элем,
Бир көрүп сүйүп калдым.

Турнадай туурдагы,
Талпынып канат кактым.
Туйгунум, сен күтүүчү,
Жийделүү бакка бардым...

# СЕЗИМ ЫЙЛАП

Бакытым, келчи мага кучак жайып,
Асманда чолпон жылдыз болбо кайып.
Чыркырайм, жаш баладай уйку качты,
Боздоткон боз тумандай махабатым.

Жүрөк кылын күүлөп чала кеттиң го,
Кайырчыдай далдайдым кагылайын.
Кадырыңа жетээрлик тирүү болсом,
Кеч гүлдөгөн кол жеткис таалайым.

Кайран өмүр өткөн тура жылт этип,
Сени көрөм жүрөк кайра зырп этип.
Кучагыңа жылыбасмын эч качан,
Кайчылаш жол кошулбас, аттиң арман!

Сезим ыйлап турганда жалгызсырап,
Сооротууга адам жок жанды кыйнап.
Кубат берээр жүрөккө болсоң кана?
Өмүр берген даракка булак сымак.

# КӨЛӨКӨ

Көк асман толсо жылдызга,
Кандай жан ага суктанбайт.
Булуңдан чыкса ак калтар,
Кармоого кимдер умтулбайт.

Акылдуу, сулуу жигитке,
Жар болсом дебейт кандай жан.
Кол жеткис бийик бакытка,
Жеталбай сыздайт канча жан.

Суктантып сизди караткан,
Он беши айдын толо албай.
Сырдашып бирге жанашып,
Каткырып, кошо күлөлбай.

Ашык бир болуп айта албай,
Жийде гүл болуп буралбай.
Ыраа бир көрбөй бөлөккө,
Ээрчиген болдум көлөкө.

Кызганыч түнөп жүрөккө,
Уйкусуз узун түн өттү.
Алтындан уя жасайын,
Кыргоолум, кончу түнөккө.

# ЖАНЫМ ЭРКЕМ

Улуу тоонун боорунан кез келбесем,
Улар үнүн угууну мен эңсесем.
Кандай арга кыламын, жаным эркем ай,
Куса болом күнүгө бир көрбөсөм.

Көк асмандын бетине жылдыз толсо,
Күлүп жылып, артынан ай козголсо.
Кандай арга кыламын, жаным эркем ай,
Гүл өрөөндө боздогон үн болбосо.

Түндү жарган таңдагы нурду көрсөм,
Жигит эмес, бейиште үрдү көрсөм.
Кол жетпеген бийиктик дээр элем ай,
Бул жашоого жаңылыш эрте келгем.

Канат күүлөп көкөлөп шумкар учса,
Кайрый албай алдынан жан кыйналса.
Кандай арга кыламын, жаным эркем ай,
Арман менен таң атып, күнүм батса.

# ЫЙЛАДЫМ...

Турмушта мен далай ыйладым,
Жакшыны төрүмө сыйладым.
Жаманды желмогуз көргөндөй,
Какшыктап, артынан кыйнадым.

Жаш кезде бир жигит сүйгөмүн,
Болот деп өмүрлүк түгөйүм.
Кайчылаш жолдорго туш болуп,
Кан жутуп ошондо ыйладым.

Сүйүүсүз болом деп бактысыз,
Көп жылдар турмушка чыкпадым.
Сүйүүдөн эң бийик, эң таттуу,
Наристе болоорун туйбапмын.

Атаңды сүйбөдүм, сыйладым,
Өзүңө жамандык кыйбадым.
Арбакка айландың наристем,
Айлаңды табалбай ыйладым...

Айлымда мен өсүп туулган,
Армандуу кара жер оюлган.
Кудайга бейкүноө наристем,
Катарлаш агама коюлган.

Өмүрдөн армансыз өтөт ким?
Жоготпой тайлагын көчөт ким?
Сыйлашып жүрөлү тирүүндө,
Өлгөндө көрдү тээп чыгат ким?!.

# АК КАЛПАГЫҢ КАЛДЫ КОЛДО

*(түш)*

Кайберендер өткөн жолдо,
Тоого чыгып баратсам.
Сен экенсиң жанымда,
Ак калпагың жарашкан.

Сүйүү мөмө берээр кезде,
Гүл өрөөнгө баштасам.
Аска бойлой качтың неге?
Арт жагыңды карабай.

Ыйлап, сыздап безелендим,
Арманы көп торгойдой.
Ак калпагың калды колдо,
Кеттиң мага жолобой.

Сырдуу түштүн чечтим түйнүн,
Жолдорубуз – кайчылаш...
Ак сүйүүнүн боосун үздүң,
Өмүр бою агат жаш.

# НОБЕЛЬ

Жакшы сөз ыраа көрбөй,
Тургандар чыртыйышып.
"Ала-Тоо Бүркүтү"- деп,
Турушат тымпыйышып.

Түкумдан кыр издешип,
"Жүргөн ал, сүйгөн" дешип.
Өмүргө түн киргенде,
Чыгарып жыйнак "Чыгаан" дешип.

Өмүр – суу, токтобогон,
Эсиме түшсө, ойлоном.
Ашканча сексен ашуу,
Нобелди ыйгарып койбогон,
Акыйкаттык жок экен го,- деп коём...

Ала-Тоо уулун жоктоп,
Томсоруп турат боздоп.
Кыраандар чыга берсин,
Чыкемдин жолун жолдоп.

# АМАН КЕЛ

Ызылдап балдар жүрсө,
Мушташып, ыйлап-күлсө.
Кемсинтип бири-бирин,
Жексурлар сөгүнүшсө...

Аябай ата-энесин,
Арактын күчүн көргүн.
Букадай жерди чапчып,
Сындырат ал жеткенин.

Эне-атасы эле өзүнүн,
Шыбайт баарын "Мына!"- деп.
Жакшы энеге доо кетет,
Зөөкүр бала тууду деп.

Кандай жексур болсо дагы,
Сый-урматка татыбас.
Жашын төгүп күтөт уулун,
Кайран жүрөк жадабас.

Уулу келбей калган түнү,
Жарын билбейм, кечеси.
Түн күзөтүп чыгаары чын,
"Аман кел",- деп энеси.

## ЗАМАНА

Ак булут шамал айдаган,
Армандуу калдың, замана.
Боз булут шамал айдаган,
Боздоттуң го, замана.
Жайкалтып көптү өстүрбөй,
Такыр кылган замана.
Ак дасторкон жайнабай,
Жакыр кылган замана.
Терең билим алганга,
Жолтоо болгон замана.
Тайыздарга опоосуз,
Олжо болгон замана.
Кызыл жагоо, значок,
Жерип койгон замана.
Коммунисттер доорун,
Челип койгон замана.
Окууну таштап балдарың,
"Жвачка" саткан замана.
Чалкалабай жер тиктеп,
Жыңайлак баскан замана.
Жети жашар балдарың,
Нас түкүргөн замана.
Он бештеги балаңдан,
Түтүн чыккан замана.
Он алтыдан өткөнү
Аңги болгон замана.
Жүгөнү жок ат сымал
Баңги болгон замана.
Заңгыраган имарат,

Бузуп салдың замана.
Баатырлардын эстелик
Жулуп салдың замана.
Чоң казанга кайнатып,
Кууруп салдың замана.
Колхоз менен совхозду
Жоюп салдың замана.
Кашык менен топтосо
Челектеп чачтың замана.
Кой, малдарың таратып
Бөлүп жедиң замана.
Чөп ташыган эшекти
Саттырдың го, замана.
Бешенени жылытпай
Катырдың го, замана.
Уругуңду урукка
Нас кылдың го, замана.
Түндүк менен түштүк деп
Тартыштырдың замана.
Ынтымактуу элдерди
Чатыштырдың замана.
Тагдырларга таш уруп
Тамтаңдаттың замана.
Жалдыратып каратып
Жалтак кылдың замана.
Жай олтурбай кол созгон
Дубанаң көп замана.
Аштык тапсаң, баштык жок
Убара кылдың замана.
Бейшемби – үчү, айты,- деп,

Кыркы, жылдыгы, ашы,- деп
Той кылдың го, замана.
– Колунда жокту корунтуп,
Шор куйдуң го, замана.
Өрдөк менен тоокту
Сойдурдуң го, замана.
Заңгыраган ак сарай
Кордоттуң го, замана.
Кузгун менен карганы
Жойлоттуң го, замана.
Алтын башты аштыктан
Пас койдуң го, замана.
Эскилердин калдыгын
Үймөн кылган замана.
Эпчилдерге эки аял
Алып берген замана.
Таза арակты талкалап
Чыла куйган замана.
Бакыт кушуң башыңдан
Учуп кеткен замана.
Бактысыздык байырлап
Түшүп кеткен замана.
Тунук көлүң тартылып
Балык өлгөн замана.
Ит териси базарда
Кундуз болгон замана.
Адамдын жаны көктөгү
Жылдыз болгон замана.
Мечиттерди көбөйтүп,
Азар кылган замана.

Айда-жылда бир барып,
Мазар кылган замана.
Акчалууну алкынтып,
Алып-учкан замана.
Дефицит товар сатышып,
Байып турган замана.
“Мүрөктүн суусу - өлбөс” деп,
Оозантышкан замана.
Уурубу ал, бөрүбү?
Ажы кылган замана.
Кат-кат болуп артыңдан
Ириң чыккан замана.
Көзү ачыктар көбөйүп,
Кепин кийген замана.
“Арбактар азыр сүйлөйт” деп,
Кесир жүргөн замана.
Байышка түшкөн баалайбы?
Шылдың болгон замана.
Колтугуңду кыткылап
Бит талаган замана.
Кечирээк калсаң, артыңдан
Ит талаган замана.
Колуңдагы төрт малың
Котур болгон замана.
Кулак угуп, көз көрбөй,
Сокур болгон замана.
Экнениңди сотойтуп
Түк талаган замана.
Жакшы адамды айгактап
Мышык күлгөн замана.

Бир порода чыгарыш
Канча жылдык ак эмгек,
Профессор, кандидат
Көзүн ойгон замана.
Улугуна баштарын
Ийип жүргөн замана.
Ала чапан тетири
Кийип жүргөн замана.
Таң, күн кечке ой учун
Жыялбаган замана.
Бала бакча, мектепке
Жетип барган мафия.
Тааныш балдар, кошунаң
Рекет болгон замана.
Жүрөк ыйлайт шолоктоп
Түбүң курган замана.
Сүйлөсөң эч ким укпаган
Үнүң курган замана.
Акыл-эсти, күчүңдү
Жыялбаган замана.
Алкымыңды “койгун” деп
Тыялбаган замана...

# НАДИРА БЕГИМ

Күндү төсүп кара булут каптады,
Душман басты ак сарайды талкалап.
Кайраты жок назик өскөн баласын,
Коюшту алар акыл-эсин бүт уурдап.

Тең көрбөгөн алтын баштуу аялды,
Кемсинтишти, өз баласын тукурду.
Эрки күчтүү сулуу акын аялды,
Акылынан ыза-кастык тороду.

Талантына таазим кылган миң башы,
Көрбөсө да, окуп акын ырларын.
“Душман, бирок улуу талант өчпөсүн,
Надираны өлтүрбө!” -деп суранды.

-Тие көрбө, талант улуу, очүрбө!
Тоо жаңырткан аянычтуу үн калды.
Улуп-уңшуп төп карышкыр сүрөгөн,
Ээн чөлдө кан тамчылап, муң калды.

Жигиттери миң башынын таң калды,
Бул жөнөкөй аял эмес – гүл бакпы?..
Алдары жетишинче көргөө үчүн,
Тымызын жүрөктөрдөн ант алышты.

Ак сарайда арамдыктар тойлоду,
Булбул жандап, уу жыландар сойлоду.
Арбаса да, алдаса да эч көнбөй,
Акын аял арамдыкты жектеди.

Акыл чындык асылдыгын жоготпой,
Каракурттун желелерин тоотпой.
Чыккынчылык кылбай эли-жерине,
Ыр ок менен атты душман жолотпой.

Кордоп, зордоп өлтүрүүнү ойлоду,
Иттериме кылам деди таланды.
Зомбулуктун айлантса да зор ташын,
Чаңга тепсеп коё албады адалды.

Көзү жетип алтынга чаң жукпашка,
-Менин ордо ырчым бол,- деп суранды.
Каргашалуу өлүмдөн эч коркпостон,
Мактабады, Султанды маскаралап,
тозокко айдап ырдады.

Ак сарайга батпай Султан буулукту,
Ичтен баалап, ичтен аяп тумчукту.
-Аттиң ай, айдай сулуу акылы мол,
Талант тура алоолонгон, жалыны зор...

Мына, мына сабыр түтөп итиреңдеп,
Тапанча колундагы титиреди.
Ыплас пастыктардан тумандаган,
Акын аял таза жакка учуп кетти...

Болбосторго уйпаланып тепселбейт,
Күйүт келсе ара жолдо теңселбейт.
Абийири үчүн жанды курман чалышы –
Бийик болот акындардын намысы!

# БААЛАБАГАН, КОР КЫЛГАН

-Келчи, -деп фонтан боюна,
Түшүнбөй сенин оюңа.
Карааның жок, көрүнбөйт,
Биз менчик кылган орунда.

Улактай болуп элеңдеп,
Изденип турсам “келет” деп.
Аңдып, тиктеп маңдайда,
Олтурган экен жеңекең.

Семичке чагып түкүрүп,
Олтурушат кыт күлүп.
Таш ыргыта башыма,
Олтурдум көрүүчү болуп.

-Айдай болгон жеңелер,
Олтурасыңарбы зерикпей...
Учурашты кол кысып,
Гүл көтөргөн бир жигит.

-Кыз көрсөңөр өлчүүлөр,
Кайнилер, силер көрсүңөр!
Жап-жаш сиңдим турганда,
Кары кызга орун жок!..

Жеңеси берип буйрукту,
Гулду чаңга ыргытты.
Жагып калсам жеңеңе
Үйлөнөрүң чын эле.

Мен жөнүндө сценарий,
Жазганың көрдүм ошондо.
Режиссер болуп чекеде,
Турупсуң байкуш бошошо.

...Артымдан калбай куйүгүп,
Кат жаздың күндө жүгүрүп.
Аягың тыйды бир күндө,
Тагдырың чечкен жеңекең.

Арадан өтүп жылдар көп,
Жолугуп калдым базардан.
Айрымаң жок, жүдөпсүң,
Араба тарткан адамдан.

Жылдызың жайнап турган,
Сен сулуу жигит элең.
Жеңекең болбогондо,
Ардактап алат элем...



* * *

Жалынып оттой күйгөн,
Бар эле мени сүйгөн.
Чөгөөлөп ыйлаганда,
-Жакпайт!- деп болбой жүргөм.

Ортагым жанымда эле,
Чөгөөлөп буркурадың.
Түбөлүк жар болууга,
Жалынып кол сурадың.

Ролду жакшы ойногон,
Көргөндөй актёр жанды.
Шылдыңдап күлдүм,
Түшүнбөй абалыңды.

Чөгөөлөп турган бойдон,
Аарчыбай көз жашыңды.
Каргадың, бата бердиң,
Билбедим эмне дээрим.

Карааным издедиң көп,
Көңүлүм койбодум эч.
Жүрөктө сүйүү ташып,
Жигитим бар,- дегенимди,
укпадың эч.

Курдум деп сүйүү чебин,
Жүргөндө кулуп эркин.
Жигитим таштап кетти,
Каргышың жетти сенин.

Тумчугуп ыйлап, ташып,
Тагдырга наалат айтып.
Кечигип түшүндүм абалыңды,
Чөгөөлөп турган жашып...

Толкундай ташка бой урган,
Сүйүү, көңүл – көр кылган.
Баарынан кымбат буюмду,
Баалабастан кор кылган.

## ЫЙЛАБАГЫН, ЫРЛАРЫМ

Чачыма ак аралап калган кезде,
Жүрөк жанчып ойлорум, тепкилебе.
“Ак шумкар”, “Ата Мекен”,
“Республика”
дейсиң неге,
Бир кезде депутаттыкка
талапкер деле
“Чыгарабыз китебиң” дешкен...
Арадан жылдар өттү
Эл менен жолугуп кетти бекен?
Жок, ал бекер,
Депутат болсок эле
жайлайбыз дешкен.
Аш, нанбыз кымбаттады,
Пенсиялар өз айында келбей калды.
“Жайлайм” дегендер жайланышты,
Жаңы креслого байланышты.
Үйүңө барып оору-чолосун сурагандар
аягын тыйып калды.
Сурасаң, элдин абалы оор
бойдон калды.
Сессия башталганда коркуп кетем,
“Ушуларды кантип шайладык экен?”
Кадалган көздөр,
Каяша сөздөр.
Барышкандай бир-бирин
жек көргөн Арыстан, Чөөлөр.
Арасында бар
эл камын ойлогон шаа-дөөлөр.

* * *

-“Тамсил” деген эмне,
мал дагы сүйлөйбү?- дешет.
Эже-агайлар пикетте жүрсө,
окуучулар эмнени билет?
Алар да туура кылат,
жыртыкты бүтөш үчүн,
студент багыш үчүн,
ишсиздерди багыш үчүн,
светке төлөш үчүн,
майлуу орун үчүн,
ичкен сууң үчүн,
жуткан абаң үчүн,
депутат болуш үчүн
жадесе, китеп чыгарыш үчүн –
Акча керек!
Чындыгында акча деген
көп нерсе чечет.

Билимдүү адамдар күтүштү
Билээр бекен деп жүрүштү.
Туура, бала ыйлабаса,
Тойгузмак эле кимиси?
Кыйнаган суроо бирөө:
Эмне үчүн Акаев, Бакиев
Учурунда чыкпады экен пикетке?!
Азыр карагыла,
Акын-жазуучулардан башкасы –
пикетте!

Канга чакап турган Кыргызстанды
боло берет окшойт,
өйдө-ылдый тепкилесе!

## ЖАНЫМ, ЫРЫМ!

Жаным, ырым,
Жамгыр болуп жашың төктүң эмнеге?
Ансыз деле душманың көп,
-Окуба!- деп сыздадың.
Чынын айтып алайынчы,
Билем, көбүн – душманың.
Жан дүйнөмө тынчтык бербей,
Көңүл коштоп келдиңер,
Ушакчынын сөздөрүн
укалактай тердиңер.
Жаным, ырлар,
Кечээ эле боз балапан элеңер,
Бүгүн мага тынчтык бербей
“Кайда учам?”- дейсиңер.
Жаным ырым, жакын досум,
сырдашым,
Канча жылдар терезеге караттың,
Жокчулуктун оорусун жонуңа артып.
“Спонсор” деп кимдин көзүн карайын,
Ыйлай бербе, ал жеткенде чыгаарсың...

# ОО, КАНТЕМ!

Жалган ушак таалайымды чатыштап,
Абийиримди топтоп жүрсөм кашыктап.
Оо, душманым, чача көрбө челектеп,
Туш келгендей айтса боло берет деп.

Иттей тиштеп көтөрүлсөм бийикке,
Баркын билбей жибек менен чыт-бөздүн.
Оо, душманым, чаба көрбө туякка,
Ар-намысты алмашат деп тыйынга.

Жакшы болуш чындыгында кыйын да,
Туура сөздөн тууган калат чыртыйып.
Кош жүздүүдөн, куйтулуктан не пайда?
Жылдар өтсө, ал да чыгат кылтыйып.

Жеңил ой, экен дебе - жүргөн дөдөй,
Жүрөктө бороон улуйт аны билбей.
Көзүңдөн окуп турам дос-душманың,
Оо, кантем, жүрөм анан теңиңиз болбой...

# КӨПӨЛӨК

Ыр жазалбай олтурганда бөпөлөп
Колго тийип, бетке тийип көкөлөп.
Канатыңа бир салдым да, сындырдым!
Эми сенин жашооң кандай, ким билет?

Кечир мени, шат курган бир көпөлөк,
Кандай жаша, сени менен ишим жок.
Көрө албастык кыласыңбы сен дагы?
Ыр жазалбай күйүп турсам ичим чок.

Оору менен алпурушуп жеңилбей,
Соодой жүргүм келет дайым билинбей.
Ак баракта калаар ырым саргайып,
Жүрөк качан токтоп калса билинбей.



# ЫЙЫ КӨП

Кээде суулар толуп-ташса,
Кээде суулар солуган.
Таң калаарлык түштөр көрөм,
Ойдон жүрөк оорутам.

Өмүр мынча азсың, билбейм,
Тойбойм, тойбойм таңдарга.
Жылдыз толуп турса асманда,
Тойбойм, тиктейм Айга да.

Тирүүмдө – сыйлабасаң,
Өлгөн кезде ыйлаба!
-Сыйы жоктун ыйы көп,- деп,
Айтышпасын анда да.

Уйкум качты
Жүрөк ойнойт, эзилет
Жакшы жышаан күткөнсүйбү,
Тереземди черткилеп.

Жалгыздыктан чарчадымбы?
Же бүтпөгөн түйшүктөн...
Кетким келет, качкым келет
Бирок намыс “кой-кой” дейт.

Сиз телефон чалган кезде,
Жаткан элем ойдолоп.
-Ырым сүйгөн адам бар,-деп,
Кайраттандым...
Ак кагазга калем сабым
Кайра кетти жорголоп...

# АДАШЫП БАРАТАМ

Мен бир кезде түз жолумдан адашып,
Тикен гүлдү сүйгүм келди жанашып.
Жан дүйнөмдү берээримде байкадым,
Тамырына оролгонун жыландын.

Бурганактап кээде олтуруп ыр жазам,
-Ыр ширетип канат жасап учам!- деп.
Кээде калам мокоп дагы, шалдырап,
Жанды өгөөлөр ушакчы жок жалдырап.

Чындык ошол, "сүйгүн" дешет бирөөнү,
Кылым өтсүн, бирок таппай сендейди.
Абыл ака, бир жаралган жан элең,
Неге таштап, тең көрбөдүң мендейди.

Аянбады, жамгыр жаап төгүлөт,
Жер-Эне да чыдай албай сөгүлөт.
Чаң тазалап, күндө жааган жамгырдан,
Кабак бүркөп гүлдөр дагы жүдөшөт.

Сен буйрубай жалгыз калган жаздыгым,
Сендей сүйүп, барктабастыр мени эч ким.
Акыл-эстүү жакшыларга жолуктур,
Жалгыз аяк жолдо адашып баратам...

# ТҮҢҮЛДҮ

Кайратымдан улам тайып баратам,
Чөө көбөйүп, эшек мээлер айныган.
Ушакчылар пайда кылды, билишсе,
Абийиримди жалаа жипке байлаган.

-Кантип? –дебей, жалаа сүйлөп жатышат,
Кыт-кыт күлүп, шымын булгап алышат.
Көрдүңөрбү, уктуңарбы бир жолу,
Карышкырга эчки кол салалбайт.

Бийикмин мен, калп сүйлөбө, Айымдар!
Миңден бирөө жагып калса күнөөм бар.
Каратору, серт ыраңым – ал күбө,
Жүрөк эңсеп, сулуу жандай албаган.

Бешенеме жазды бекен жалгыздык?
Мүмкүн урган, курч тилимдин кусуру?
Бийикке учсам, бутка асылып, жеталбай,
Түрү бузук иттер менден түңүлдү.

# АБАЙЛАГЫН

Кооз гүлдү өстүрүүгө,
Мээнет кылып, тер төгүү керек дайым.
Гүлдөрдү барктабаган байкуш болсоң,
Теше тиктеп гүлдөрдү карабагын.

Сындырба, олтурганда шакчаларын,
Аларды "өлүк" катар карабагын.
Сырыңды, ыйыңды да баарын сезет,
Манкурттар абайлагын, абайлагын!



# КАЙДА БЕКИНЕТ

Акындар гүлгө кызыгат,
Үзбөйт, бирок жытташат.
Сыйлабаган макулук
Тезеги менен бир чабат.

Өрөөн толо жоогазын,
Кызыл-сары жайнады.
Айкырып келип эшектер,
Канганча моокум оонады.

Арыстан келди күркүрөп,
-Солкулдак, жашы керек! -деп.
Корксо дагы сестенип,
Байкуш гүл кайда бекинет?..

# САДАГАМ

Быйтыйган колун созуп алып,
Көпөлөктой конуп алып,
Неберем мага суроо берет,
Жапайы кооз гүлдү көрүп алып.

-Гүлдөрдү кимдер эгишкен?
Гүл урук кимдер себишкен?
Туманда баш ийишкен,
Жыландар сойлоп жүрүшкөн.

-Ким сугарат гүлдөрдү?
Жер жайнаган түрлөрдү?
Мөндүр жааса шагы сынат,
Жамгырдан алар ыйлашат...

Түшүнбөйм, мен да таңданам,
Башкарган күч бар Алладан.
Чоңойгондо билээрсиң,
Көп суроо бербе, садагам.

# АРГАМ ЖОК

*11-июнь. Атам өткөн күн*

Ата, тартынчаак мүнөз күткөм,
Талпынам, көпкө жетпейм.
Сагынып туулган жерим,
Көркүңө тойбой келем.

Кубанып жөнөөр кезде,
Жаралап жүрөк үчүн.
Жаанын огу тийген,
Жаралуу турам бүгүн.

Төгүлүп мөлтүр жашым,
Мен азыр ыйлап, сыздайм.
Кулады Аска-Зоом,
Аргам жок чыдап турам.

# ОМОР ХАЙЯМ

Бүгүн келди,
Омор Хайям үйүмө.
Кучактадым, өптүм: Кел!- деп сүйүнө.
Далай жылдар күттүм эле саргайып,
Акыл айтаар, насаат берээр сөзүнө.

-Кандайсың?- дейт,- акын кызым түтөгөн,
Бакыт күтүп, кутту күтүп жүдөгөн.
Урап турат сенин дагы дубалың,
Тагдырлашым, кимге болот убалың?

Өмүр бою ичтим шарап,
Ыза-кордук көп тарттым.
Өлгөнүмдө бийлешти курт-кумурска,
Денеме сиңген шарапка.

Жамандарга жакындашпа,
Жакшылардан кол үзбө.
Жасакерлик, куйтулукту,
Жакшы үйүңө түнөтпө.

Ич шараптан!
Жалгыздыкты унуткар.
Акылдууга өч болушат акмактар,
Жалаа сүйлөп жүрөгүңдү жаралаар...

Ич шараптан!
Өмүр кошот өмүргө.
Айкөлдөрдөн, акылдуудан дос тапкын,
Сыйлашкандан колуң үзбө, бөлүнбө.

-Бурганактуу туман жолдо турамын,
Мээрим күтөм, бакыт кимден сурайын.
Даанышманым, айта бергин акылың,
Черим жазып, кучакташып жатайын.

-Чындык дайым ута бербейт, абайла,
Көп ит талайт, дайым уткан тарапты.
Акылмандын акылын ук ар дайым,
Чындык жашайт чырды сүйбөс тарапта.

Дудук бол!- дейт,
Кээде жүргөн сокурдай.
Топ куштардын арасынан,
Учам!- десең бийикке.

Ийгилик!- дейт, салам алик эч үзбө,
Чобурлардан ашып өтүп, жанаш дайым
күлүккө.
Жалаа жабып, денеңе уу себишсе,
Бой көтөргүн, жер карап мөгдүрөбө!

...Канча кылым жомоктолуп айтылган,
Мен кызыгам Ирандын акынына.
Көз талдырып кайталап окуп жаттым,
Кудайга каяша айткан курчтугуна.
Туура жагы, ылай болуп келебиз,
Кирпич куйса, дубал болуп беребиз.
Бирок... бизди карылыкка айдаган,
Төрт мезгилди күтөбүз ээ, күтөбүз!

* * *

Кандай сыноо?
Көңүлүм алып-учат сени самап,
Келдиби жүрөгүмө сүйүү жазы?
Же муңбу, көбөйтүүчү ак чачымды.

Көп жылдар күттүм эле,
Үмүттөр жүгөн салып.
Келгенсийт бир сезимдер,
Жүрөккө ийне сайып.

Акым жок, бирок билбейм,
Кызганам суудан, чөптөн.
Дагы көп-көп аялдардан,
Сени жандап карап өткөн.

Же сынообу, же алдообу, түшүнбөдүм?
Түнт токойго киргендей,
Же бакпы, бул?
Сүйүү баркын даңктап жазып,
Алтын таажы кийгизээр.

Же жолбу, бул?
Тозок отко күйгүзөөр.
Көз жашым көкүрөккө таамп турат,
Сүйбөгөн адамга сүйкөндүмбү?
Жалынып, жылуу сөзүн угалбадым.
Шылдыңдап сезимимди оттой күйгөн,
Чычала болуп кет,- деп күлдүң бекен?

* * *

Мен байкуш жүрөгүңө от жагалбай,
Жарыкка тегеренген көпөлөктөй.
Канатым откo күйүп калар бекен?
Таңдарды, булбул сайрап мен узаткан,
Жаз-жайды унутуп калган экем.
Дүпүйгөн дарактарды карап турсаң,
-Акын кыз, кел, -дешкенсийт сени менен.
Мурун кантип жүрдүм экен?!
Сен барыңды билбестен,
Же жолукпай койсоң болмок.
Жүрөк дүк-дүк согуп ыйлайт,
Кантип сенсиз жашар экем?!
Чалууну сага деген токтотормун,
Айына бир да жолу эстебесең.
Ойлорду сага дегдеп алып-учкан,
Канатын кыркып койчу, чыксын эстен!
Уул-кызым бой жеткенде
Алла-Таалам кандай
Сыноо бердиң экен?..

# КАФЕДЕ

Тартынбай аял баш менен,
Чакырдым байке, кафеге.
Билейин дедим оюңду,
Жалгыз, ээн калган жерлерде.

Жүрөгүм батпай дүкүлдөп,
Көз кырым салып аңдыйм мен.
Каймана сөздөр сүйлөйсүң,
Көңүл жок достой, салкын кеп.

Чай ичтик, убак саналып,
Жылуу сөз айтпай тарадык.
Көңүл жок араң келгениң,
Ошол күн ачык байкалып...

Ээрчүүдөн туяк талгансыйт,
Кар төшөп жатсаң – жылуу жок.
Жалынып ыйлап жүрсөм да,
Жалындай турган түрүң жок.

* * *

Сен кимсиң, жаанын огу кайдан келген?
Жан элем өзүм менен өзүм болгон.
Башыма көтөрсөм да барктабаган,
Каргышка калган жүрөк сени сүйгөн.

* * *

Колумду сундум-сундум, жеталбадым,
Жүрөккө тутанар от таба албадым.
Колумду сындыра чаап койду бирөө,
Тартынып андан кийин суна албадым.

* * *

Колумдан келбес ишке буюрдумбу?
Жүрөгүм тынчтык бербей кыйнайт неге?
Кызыл чөк күлдөй болуп өчөсүңбү?
Бороондор сапырып, чачабы же?..

Дайранын жээгинде турган кезде,
Көзүмө сулуу балык көрүндү эле.
Кызыгып кайрымакка илер кезде,
Көрсөтпөй толкун аны бекитти не?

Мүмкүн ал өмүрүмдө жолукпастыр,
Кызыгып, кумар канбай кала бердим.
Адашып бир жолуккан алтын балык,
Карааның издей берем көзүм талып.

* * *

Жолуктуң кайдан деги, кайсы жайдан,
Сүйүү жүгүн көтөрүш оор маган.
Үнүңдү укпай калсам коз жаш төгөм,
Мен – байкуш болуп калгам махабаттан.

# СҮЙҮҮ

Айлар жылга алмашып өтө берип,
Максатыма жетпедим күтө берип.
Көп ичинен издедим, көрө албадым,
Алтын кушум, кайда кеттиң, биле албадым.

Дарак гүлдөп ак жоолук салган кезде,
Көңүлүмө жаңы гүл ачтың эле.
Булбул сайрап тил безеп туруп алган,
Биз гүлдүү бак аралап жүргөн кезде.

Тунук суунун акканын сезбейсиңби?
Мен кызыл гүл кезимде келбейсиңби?
Алтын уя бош эле, бопбош калды,
Армандардын ташкынын сезбейсиңби?

Күтө берип саргайып жаштык өткөн,
Армандарым – кара булут, ыйлап көчкөн.
Сага окшош наристелер төрөлбөдү,
Антсе да,
ак сүйүү бардыгына ишенем мен...

# ЖАНЫМ ЫРЫМ

Жаным ырым, акылдашым, сырдашым,
Сен болбосоң, өңдөн азып калмакмын.
Огу тийип душманымдын, сулайып,
Качан эле көргө жатып калмакмын.

Чырылдайсың, чыркырайсың, коруйсуң,
Мен оорусам, кошо жатып ооруйсуң.
Чындыкты айтып манкурттарга ыйлайсың,
Жакшыларды, акылдууну сыйлайсың.

Каным ырым, өмүрүмө азыксың,
Эне сүттөн кирген дүйнө-байлыксың.
Муңум айтам, сүйүүм айтам шолоктоп,
Каршы болбой, бүт оюма макулсуң.

Гүлүм – ырым, күсөгөндө жыттаган,
Күнүм – ырым, үшүгөндө кактанам.
Чегирткедей чырылдайсың күн-түнү,
Жакшы ыр жазсам, кең дүйнөгө мактанам.

Көңүл сынып кээ-кездерде изденем,
Көр адамдай жер сыйпалап, жер искейм.
Жакшы ырларым, кетпегиле жашынып,
-Мен силерди гүлдөтөм!- деп ант бергем.

Ачкалыктан өлүм тоссо жолумду,
Улай албай, курай албай, шорумбу?
Келе жатам чокту тиштеп оозума,
Бешене тер, таза дүйнө өзүмкү.

Мүмкүн ырым темир канат өткөндө,
Кыш койгондун кышы урап көчкөндө.
Болот канат кийип алып кулпунуп,
Жеткирээрсиң мен күсөгөн бийикке.

Таазим кылам поэзия дүйнөсүнө киргенге,
Ырларыма – силерге!

* * *

Жаңы булак, тунук болчу ойлорум,
Кайдан жүрүп бузук жээкти бойлоюн.
Чогулушуп ылайлапсың булагым,
Тагдыр ошол, өзүңдөн көр аягын.

Турмуш деген – тумандуу да, татаал да,
Бир адашсаң, кайран жаның болот кор.
Мээнет келет, уйгак болуп жабышып,
Дөөлот кетет, аккан суудай шашылып.

Мен өзүмдү аядымбы, абайлап?
Чокто күйүп, турат көңүл карайлап.
Ыр болбосо, калат элем бүрдөбөй,
Ыр шербети кызыл канда айланат.

# АЯСАҢ

Карагат көз кетпей эстен,
Жүрөгүмдү кыйнай берген.
Айым болуп асманымда,
Түнү нуруң чачсаң экен.

Жамалыңа тойбой жүрөм,
Жылдызым!- деп карай берем.
Жанашаарда жашындыңбы?
Карааныңды таппай келем...

Жүрөк чертип ырлар жазсам,
"Орун жок" деп карабайсың.
Бой көтөргөн жан элем мен,
Ак толкунга арман айткам...

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

*(29/12/2016)*

Акты күн булак болуп,
Көктөбөс чунак болуп.
Кыр-кырда жыл эсептеп,
Кызгалдак жазда гүлдоп,
Каалоо жок, кадам таштап
Аткан ок болду күнүм.
Куштардай канат күүлөп,
Кайрылбай өттү түнүм.

Теңселип күндө жүдөп,
Чачтарга ак аралап.
Карылык дүйнөсүнө.
Баратат арттан айдап,
Жашоого моокум канбай,
Баратам жетеленип.
Деңизде багыты жок,
Кемедей, баш айланып...
"Жаңы жыл келди!"- дешип,
Кубанат жаш агымы.
Телмирген терезеден
Изденет Ак чач Эне
Жоготкон бала чагын...
Күткөндө өтпөгондөй,
Кууганда жетпегендей!
Кылчактайм арт жагыма
Балалык назик сүйүүм
Артымдан издегендей.

Бак конбой учкансыды
Өткөнгө маани бербей.
Кечиктим максатыма
Төө минсем жетпегендей.
Жүрөгүм ыйлайт күндө
Сыртымдан билинбеген.
Сагыныч кыйнайт мени,
Чынжырды "турмуш" деген
Чырылдап үзгүм келет.
Бак кайда? Таап алып,
Байырлап жүргүм келет.
Аттиң ай, душманымдын
Жалаасын уккум келбейт.
Жүзүмдөн күлкү чачып,
Бактылуу болгум келет.

# АЗЫР ТУРАМ

Капа болбойм, таарынып ыйлап бүткөм,
Көрө албастын көзүнөн заар төккөн.
Учайын деп талпынам, алым жетпей,
Көк асманга тигилем, көз ирмебейм.

Суук сөздөр уямды "учурам" деп,
Ырылдашат, көп иттер көрбөй үрүп.
Жалаа жапкан жүрөгүм ыйлап турат,
Чындык, акыл: "Биз качан күлөбүз?"- деп.

Жакшы достор душман болуп кетишти,
Алардан мен бир күкүм нан сурабайм.
Өкүмүнө турмуштун башым ийбей,
Өжөрлөнөм, чындыкты төргө сүйрөйм.

Тар жолдордон даңгыр жолго чыгалбай,
Күйпөлөнөм, көздөн жашым тыялбай.
Жакшы күндөр чертсе болду, терезем,
Азыр турам АРМАН ырдан жылалбай...



# КАРАГАН

Караган – ушундай өсүмдүк бар,
Тикени сайып турган.
Сапсары өрөөн толуп,
Кучагын жайып турган.

Тоготпойт гүл, даракты,
Көңүлүн албайт көбү.
Кусалар ашып-ташып,
Саргайып кеткен өңү.

Бейиштин бешигиндей,
Армандар эшигиндей.
Магдырап, жытыңа мас,
Балалык куракты эстейм.

Сыйлабас – сыйлабасын,
Силерди жакшы көрөм.
Көргөндө чуркап барып,
Жытташып, өөп өтөм.



## НЕБЕРЕЛЕРИМ

Гүл соолуса – кайра өнөөрүм,
Жыпар жыттуу неберелерим.
Шамым өчсө, кайра күйгүзөөр,
Көч аркасын түзөп келээрим.

Айланчыктап кучак жаяарым,
"Энекелеп" алым сураарым.
Булбулдарым, тили катпаган,
Суз көңүлгө жылдыз тагаарым.

Коломтого отум жагаарым,
Оор жүктү колдон алаарым.
Караанымды көрсө сүйүнгөн,
Алтын канат балапандарым!

# УЧАЙЫН

Саманынан топону көп ырларың,
Бой көтөрүп кыядан кол булгадың.
Кимдин башын тээп чыктың, билалбайм,
Куйту түлкү, мүнөзүңдү урайын!

Улар куштун ышкырганын угайын,
Ичке толгон кусалыкты кубайын.
Канаттарга кубат берсе Кудайым,
Тоскоолу жок бийиктерге учайын!

# МЕН ДАГЫ

Ырлар жазып тойбодум,
Көп акындын ырын окуп тойлодум.
Көңүл толбойт, чийкиге окшоп сезилет,
Мынча көңүл, Көк деңизди болжодуң?

Окшош саптар, сүйүү-күйүү баягы,
Элестөөлөр, ойлор – бүтпөс аягы...
Алтымышка чыгып сүйсөм бирөөнү,
Шедевр ыр жаратмакмын мен дагы.

# УУЛУМ МЕНИН...

Көздөрүмдөн жаштар агып,
Мончок-мончок төгүлөт.
Кирдеп турат көөдөнүм,
Келечегиң көрүнбөйт.

Тулпар элең, уулум менин,
Бир чобурга туш келдиң.
Кудай неге жазалады,
Жакшылардан кем болдуң.

Бакыт сага тилеп жүрдүм,
Ак тилегим таш капты!
Кандай күндөр күтөт сени,
Ойлой берип баш катты...

* * *

Аялыңды бийик коюп энеңден,
Атакеңди сыйлабадың, билем мен.
Ойлогондо канжар тилет жүрөктү,
Сакта Кудай! Өгөй болуп кеткенден.

Тогуз ай көтөрүп,
Карайлагам, каралдым!
-Суук шамал тийбесин!- деп,
Абайлагам, каралдым...

# ӨТКӨН ЖЫЛЫ

*(2016)*

Өткөн жылы аска-зоом кулаган,
Үмүттөрүм быт-чыт болуп ураган.
Өгөйлөрдүн өрүшүндө калгансып,
Жүрөк чиркин, кан тамчылап ыйлаган.

Атам басып араң там-туң кыбырай,
Апам ооруп, каалаганын кылалбай.
Өктөм турмуш өз үлүшүн алдыбы?
Жалдырашып нан сураган баладай...

Карылыктын жүгүн артып алышкан,
Түрү суук, өлүм жаят кучагын.
Карбаластайм сезип-сезбей өзүмдү,
Шум ажалдан арачалап калалбай.

Өткөн жылы канаттарым кайрылган,
Ата-энемден бир мезгилде айрылгам.
Жүрөк үшүп, бороон улуп көөдөндө,
Соккусунан турмуштун талкалангам!

Өткөн жылы стресске кабылдым,
Чыйрак жаным ташка урунуп чагылдым.
Көргүм келбей бир адамды жаныман,
Жалгыздыкка жан досумдай жалындым.

Өткөн жылы төктүм жашым жамгырдай,
Каргашалуу өлүмдөрдүн зары өтүп.
Ээн чөлдө жардамы жок калгандай,
Бакыт менден, жаштык менден кайчы өтүп.

Өткөн жылы кекеттим мен кимдерди,
Жараланган жүрөгүмө туз себип.
Ичээр суума тезек таштап каткырып,
Жан дүйнөмдү жабыркатып өткөндү.

Өткөн жылы кимге айттым каяша,
Жүрөк араң соккон кезде, аяшса...
Ушакчылар! Бирден муунтуп койгум бар,
Бороон түндөр келээр бир күн башыңа.

Өткөн жылы бир кошунам кеп чойду,
-Кыйын аял, пил экенсиз!- деп койду.
-Алдыңызга анча-мынча чыга албайт,
Бирок... алар, чокко кактайт,- деп койду.

Өткөн жылы көп айтышты каяша,
Жардан учкан жарадарды аяшса...
Мал сыяктуу манкурттарды мен аяйм,
Жетеленип, жетелешип баратса.

## УШУЛ ЖЫЛЫ

Ушул жылы күттүм күүгүм бир досту,
Чынын айтсам, капысынан жолукту.
Кайран жүрөк, түгөй таап алгансып,
Көкүрөк тээп, кайда, билбейм – оолукту.

Ушул жылы фейсбукту ачтырдым,
Достор күтүп, гүлдөр алып каткырдым!
Жакшы адамдар өмүр кошот өмүргө,
Эми гана байкуш көңүл, ачылдың.

Ушул жылы бакыт консун үйүмө,
Келин алып, кол узарсын сүйүнө.
Жаңы китеп, тамсилдерим учушсун,
Көрө албастар көрүп турсун күйүгө!

# ТАЛАНТТЫ КУДАЙ БЕРЕТ

Талантты Кудай берет, Кудай берет,
Таза сууга аралаш ылай келет.
Дос-туугандар, алгыла сыйлыктарды,
Чын таланттар мен дебей жүрө берет.

Талантты Кудай берет, Кудай берет,
Толкундарга туш болсо, тоолор чөгөт.
Жасакерлер, куйтулар, көбөйдүңөр,
Чоңду көрсө ийилип, бутун өбөт.

Ушакчылар калпты чын кылып күлөт,
Алтын башка ашаткы куюп жүрөт.
Туура бийде тууган жок болгондо эгер,
Тозок жабык, бейиш бак турмак гүлдөп.

Баскан сайын ойлорду туман басат,
Кымбат элим кайышып бара жатат.
Бак ачылып, жакшы Ажо берсин Кудай,
Бейиш төрдү бапестеп кармап калат.

Чындык деген чыркырап ыйлап турат,
Торгө жетпей, томсоруп жолдо калат.
Сатылары айдан ачык добуштардын,
Карапайым эл кайда датын айтат?

Ишиң түшүп барып калсаң бирөөгө,
Дубанадай алакан жайып турат.
Кызарган жериң көрсө, куу түлкүдөй,
Амал ойлоп, айласын таап турат.

Кайда бекин, кайда кач – өлүм табат,
"Өлүм" деген суук сөз кимге жагат.
Жакшы сүйлөп көңүлдү көтөрөлү,
Жаман сөзгө, жаман сөз жайдак чыгат.



*Чыгаан акын эжелерим менен*

# МЭЭРИМ КЫЗЫМА

Карагаттай көздөрүң, кара кашың,
Жаш өткөндө жолуккан асыл ташым.
Кудайыма жалынам, кубат кирет,
Сен бар үчүн жаныма миң бир ирээт.

Торобосун душманың, өскүн бийик,
Байыр алсын бакыт куш достук кирип.
Кабак бүркөп көз жашың көрбөйүнчү,
Гүлдүү багың булүнтөөр болбосун эч.

Алтын башың аман болсун ар дайым,
Жыттаар гүлүм, кагылайын ардагым.
Жылдар өтсө “жалгызмын”, - деп кейибе,
Жалгыз гүлдүн аяры көп, кемибе.

# СЕЛКИЛЕРГЕ

*(Насыят)*

Кыздарды сулуу дедик
Айга теңеп,
Перилер жанып турган
Шамга теңеп.
Кыраанга, карлыгачка,
Барчындарга,
Ээ койчу, асмандагы
Күнгө теңеп.
А бирок айта турган
Оюм башка,
Кээ селки кечиргиле,
Жакпай калса.
"Жоорду чукуйт", - дебе
Ушул акын,
Артымдан каргап-шилеп,
Какмалаба.
Селкилер ар-намысты
Бийик тутса,
Күнүмдүк кызыктарга
Умтулбаса.
Бакытка туна турган
Учур келет,
Баланын келээр жолу
Тумчукпаса.
Көбүнчө алдоо тилге
Кирип кетээр,
Жеңил баа болбогула.

Селкилер,
Аарыдай шире соргон
Жигиттерге,
Жем болуп, торго түшүп
Бербегиле.
Селкилер, папиросту
Чекпегиле!
Денеңди уулантарын эстегиле.
Кылт этип "жүз граммдан"
Атып албай,
Эт-майдын кымбаттыгын
Эстегиле.
Тамакка жетпей турса
Ыркырашып,
"Импорттон кием", - дебе
Чыркырашып.
Эриш-аркак боло көр
Тартыш маалда,
Шак сындырбай эркектин
Багын ачып.

# АРМАН АЙ...

Көп бастым ташбака жүрүштө,
Көрсөтпөй ырларым наристе.
Канатты күүлөрмүн дегенмин,
Жардамчы, мүнүшкөр келишсе.

Кечиктим, максатка жетемби?
Торолтуп ырларды кетемби?
Арасат төрөлгөн баладай,
Арманда тумчугуп өтөмбү?

Колума китепти кармабай,
Кучактап жытташып уктабай.
Балдарды багам деп алаксып,
Алыстап кетипмин, арман ай.

# САЛАМ, ЖАЗЫМ!

Байчечекей баш бакса,
Жер тамырлап суу акса.
Жылдыз гүлдөп, асман толуп,
Ай кубанып жай басса.

Тунук суулар тынбай акса,
Өмүр аны кубаласа.
Гүл ачылып, аары конуп,
Булбул сайрап жан тынбаса.

Күн кызарып, күлүп батса,
Шоокум салып таңдар атса.
Кыз-жигиттер кыналышып,
Гүлдүү бакта сырдашса.

Саздуу жерге балыр жайып,
Кашка бака сайраса.
Там-туң баскан наристелер,
Жаз нуруна жайкалса.



Эрке жаның,
Эрте турса,
Боюн жазып чуркаса.
Жан-жаныбар төлдөсө,
Айлана көркко бөлөнсө.
Тамырыңда ысык каның,
Жаны калбай бийлесе.

Дүк-дүк согуп жүрөктөр,
Амандыгың тилесе.
Өчөр шамың күйгүзүп,
Жаңы үмүткө үндөсө.

Кимдер ийбейт сага башын,
Күн жылмайып кылат таазим.

Жалган дүйнө жаннатты,
Бороон уруп жолдоруңду,
Калың карлап тоспосун!
Кечикпей кел, кечикпе?
Салам жазым, жан досум!

# СҮЙГӨНДӨР КАЛСЫН ЖУП БОЛУП

Нурланып жүзүң оңолуп,
Сыр чачып көзүң жалооруп.
Таянчың бийик тоо болуп,
Сүйгондөр калсын бир болуп.

Жоогазын гүлдөп жанаша,
Туракта алтын таң атса.
Нектарга конгон аарыдай,
Сүйгөндөр калсын бир болуп.

Бороонду сезбей жуп болуп,
Боздобой жүрөк кут конуп.
Өчпөс-оңбос жылдыздай,
Сүйгөндөр калсын бир болуп.

Асманда эрке булуттай,
Бак-дөөлөт жайып кучагын.
Тандалган гүлдөн айрылбай,
Сүйгөндөр калсын жуп болуп.

## СҮЙБӨГӨНГӨ БАШ КОШСОҢ

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Кара булут жамгырдай.
Жүрөгүң жылып балкыбай,
Кышта тоңгон муздайсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Экөө туруп жалгызсың.
Бирөө өнүп, бирөө куу,
Тирүү өлүк жандайсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Алгыр туруп майыпсың.
Булбул болсоң сайрабай,
Каргадан өткөн карыпсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Күлүктүгүң билинбей.
Күйүп жүрүп өтөсүң,
Сыртыңдан эч билинбей.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Жалгыз учкан ак куусуң.
Армандар каптап жүрөктү,
Көз жаштан бүткөн жамгырсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Намыс үчүн жашаарсың.
Түтүнүң чыгат, жалын жок,
Балдарың тууган – аярсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Суудa жүрүп чаңкаарсың.
Жүрөгүң эски күү чертип,
Көрүнбөй жүдөп ыйлаарсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Кызыгы жок айлуу түн.
Капарга илбей кайкыган,
Карлыгач болуп өтөт күн.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Бүрүшүп калган алмадай,
Кызыл жүздөн нур өчөт,
Сабактан добул ургандай.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Кызыл гүлдүн баркы жок.
Көңүл бөксөө, жол узак,
Көздөй болгон "жарың" жок.

Сүйбөгөн жаман, баш кошсоң,
Адырда ышкын соолуйсуң.
Санаада жүрүп саргайып,
Узак жүрбөй ооруйсуң.

# МАЗМУНУ


БУЛУТТАР 3
ЖИЙДЕЛҮҮ БАК 4
СЕЗИМ ЫЙЛАП 5
КӨЛӨКӨ 6
ЖАНЫМ ЭРКЕМ 7
ЫЙЛАДЫМ... 8
АК КАЛПАГЫҢ КАЛДЫ КОЛДО 9
НОБЕЛЬ 10
АМАН КЕЛ 11
ЗАМАНА 12
НАДИРА БЕГИМ 17
БААЛАБАГАН, КОР КЫЛГАН 20
ЫЙЛАБАГЫН, ЫРЛАРЫМ 24
ЖАНЫМ, ЫРЫМ! 26
ОӨ, КАНТЕМ! 27
КӨПӨЛӨК 28
ЫЙЫ КОП 29
АДАШЫП БАРАТАМ 31
ТҮҢҮЛДҮ 32
АБАЙЛАГЫН 33
КАЙДА БЕКИНЕТ 34
САДАГАМ 35
АРГАМ ЖОК 36

ОМОР ХАЙЯМ 37
КАФЕДЕ 41
СҮЙҮҮ 43
ЖАНЫМ ЫРЫМ 44
АЯСАҢ 47
ЖАҢЫ ЖЫЛ 48
АЗЫР ТУРАМ 50
КАРАГАН 51
НЕБЕРЕЛЕРИМ 52
УЧАЙЫН 53
МЕН ДАГЫ 54
УУЛУМ МЕНИН... 55
ӨТКӨН ЖЫЛЫ 56
УШУЛ ЖЫЛЫ 58
ТАЛАНТТЫ КУДАЙ БЕРЕТ 59
МЭЭРИМ КЫЗЫМА 61
СЕЛКИЛЕРГЕ 62
АРМАН АЙ... 64
САЛАМ, ЖАЗЫМ! 65
СҮЙГӨНДӨР КАЛСЫН ЖУП БОЛУП 67
СҮЙБӨГӨНГӨ БАШ КОШСОҢ 68

**Жумакан Калилова**

# БУРГАНАК СЕЗИМ

*Редактору Н.Бөдөшова*
*Дизайнери К.Кабилов*

29.03.2019-жылы басмаканага берилди.
Офсет кагазы 80 гр. Көлөмү 5,0.
Тираж 200 даана. Заказ №169
Бишкек ш., Киев көч., 65.
"ProffArt" басмаканасы.
Тел.: +996 551 99-42-00



Калилова Жумакан Мамашариповна 1961-жылы Сузак районундагы Кут-Турган айылында туулган. Жогорку билимдүү, адистиги боюнча – финансист. Ж.Калилованын калемине таандык лирикалык ырлары, тамсил, сатира сыяктуу аллегориялык чыгармалары басма сөз беттеринде көптөгөн жылдардан бери жарыяланып келет. Чыгармачылык чыйырга эрте жашында түшкөнү менен, ал жазган чыгармаларын китеп кылып чыгарууга кечирээк киришип калды. Буга чейин эки китеби жарык көргөн: “Чагылган” (2010-жыл) жана “Сырдуу өлкө” (2016-жыл). Автор коомдо болуп жаткан терс көрүнүштөрдү тескеп, сындап, туура эмес жактарын оңдоого үндөп да кетет. Анын каармандарынан болгон жан-жаныбарлар – ушу бүгүнкү күндө эле жаныбызда жашап жаткан адамдар. Ал ар бир жазган чыгармасында улуу табияттын жашоо мыйзамын бузбоого жана сыйлоого чакырык таштайт.